**География жана аны окутуунун технологиясы кафедрасын** он жылдан ашуун педагогика илимдеринин кандидаты, доцент К.К.Аттокурова жетектеп келген. География кафедрасы И.Арабаев атындагы КМПУнун Экология жана жаратылышты пайдалануу институтунун алдында 2001- жылы уюшулган. Ал эми 2006-жылы география 2 кафедрага: Физикалык география кафедрасы жана Социалдык, экономикалык жана саясий география кафедрасы болуп бөлүнгөн. 2011-жылы Физикалык география жана Социалдык, экономикалык жана саясий география кафедрасынын базасында география жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы түзүлгөн. Азыркы күндө кафедра башчысы болуп география илимдеринин кандидаты, доцент Д.Т.Солпуева эмгектенип келе жатат.



Кафедранын профессордук-окутуучулар курамы төмөндөгүдөй: г.и.д., профессор Чодураев Т.М., г.и.д., профессор Эргешов А.А., г.и.д., проф.м.а. Дылдаев М.М., г.и.д., проф.м.а. Акматов Р.Т., г.и.к., доцент Токторалиев Э.Т., б.и.к., доцент Садыкова Ч.М., г.и.к., доц.м.а. Султаналиев Э.Н., Phd доц.м.а. Жалилова Г.Т. ага окутуучулар: Карасартова А.А., Жумалиев Н.Э., Сайпидинова К.Э., Мамбетова Н.Д., Төлөгөнова Г.А., окутуучулар Асанбаева Ж.К., Бактыбек кызы Нургуль, Кожогелдиев Т.А.

География жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын билим берүү иши бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы негизде жана окутуунун эки формасы (күндүзгү, аралыктан) менен ишке ашырылат. Адистерди даярдоо "табигый-илимий билим берүү", "География" (бакалавриат), ошондой эле магистратурада "Экология жана жаратылышты пайдалануу", "табигый-илимий билим берүү" багыттары боюнча жүргүзүлөт. Азыркы мезгилдин талабына ылайык жогорку квалификациялуу педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча 3-муундагы Мамлекеттик билим берүү стандарттары, жаңы муунду чагылдырган окуу пландары иштелип чыккан.

2022-жылы 550100 “Табигый илимий билим берүү багыты” боюнча эксперименталдык окуу планы даярдалып, География, биология мугалими деген кваликациянын негизинде окуу планы даярдалып студенттер кабыл алынды.

Кафедранын негизги максаты окуу-методикалык, илимий, тарбиялык иштерди уюштуруу.

2016– 2022 – жылдардагы кафедранын стратегиялык өнүгүү планында география сабактарынын мазмунун өнүктүрүү, модернизациялоо, практикалык, лабараториялык сааттардын, лекциялардын методикалык деңгээлин, илимий тарбиялык жактан көтөрүү менен бирге адистерди даярдоонун түрлөрүн өркүндөтүү. Инновациялык жаңы ыкмаларды окуу жана илимий изилдөө иштеринде мектеп менен эффективдүү жаңы интеграцияларды түзүү, практикаларды уюштуруу жана өткөрүү.

Стратегиялык өнүктүрүү планында белгиленгендей акыркы жылдары кафедранын профессор-окутуучулары чет өлкөлөр менен илимий долбоорлордун негизинде иштеп жатышат.

2018-жылы Швеция мамлекети менен “Борбордук Азиядагы айлана-чөйрөнү коргоо: кеңири ыкманы колдонуу менен башкаруу” аттуу долбоордун негизинде ГИС лаборатория уюштурулду.

2021-жылы Германия Федеративдүү мамлекети менен “Туруктуу өнүгүү жана биоартүрдүүлүктү сактоо үчүн билим берүү” аттуу долбоордун негизинде Кыргызстандагы жогорку окуу жайынын окутуучулары жана факультеттин студенттери үчүн семинар-тренингдер өткөрүлдү.

2022-жылдан бери Түндүк Атлантика аймагынын өлкөлөрүндөгү жогорку окуу жайлары менен «Циркулярдык экономика» аттуу долбоордун негизинде 2 Окуу программасы иштелип чыкты.

Бишкек шаарынын № 5, 50, 84, 11, 56 орто мектептеринин базасында педагогикалык практикалар о.э. окуу- талаа практикалары Чүй, Ысык-Көл, Жалал-Абад аймактарында өткөрүлөт.

Кафедранын проф.м.а. Р.Т. Акматов авторлоштор менен бирге Орто мектептин 7 - класстын “Материктердин жана океандардын физикалык географиясы”, кафедра башчысы доцент Д.Т. Солпуева жана ага окутуучу Н.Жумалиев жана авторлоштор менен бирге 9-класстын “Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык географиясы” окуу китептери, жумушчу дептерлери, методикалык колдонмолор даярдалды.